**Б. ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**К. Ш. ТОКТОМАМАТОВ АТЫНДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

Д12.20.614 диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда
УДК 340.15 (575.2) (043.3)

**Кулдышев Аманбек Шерипбекович**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЧКИ ИШТЕР ОРГАНДАРЫНЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН ЖӨНГӨ САЛУУНУН ТЕОРИЯЛЫК-УКУКТУК МАСЕЛЕЛЕРИ

12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы

юридика илимдеринин кандидаты
окумуштуулук даражасын изденип алууга диссертациянын
АВТОРЕФЕРАТЫ

**Жалал-Абад – 2021**

Диссертация Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөөлөр институтунун укук бөлүмүндө даярдалган.

**Илимий жетекчиси:** **Джоробекова Арзыгуль Мамаюнусовна**
юридика илимдеринин доктору, профессор, милициянын генерал-майору Э.А. Алиев атындагы КРнын ИИМ Академиясынын башчысынын орун басары

**Расмий оппоненттери**: **Асаналиев Тилек Асаналиевич**
юридика илимдеринин доктору, профессор, Кыргызстан Эл аралык университетинин камкордук кенешинин төрагасынын орун басары

**Колсариева Назира Шаршеналиева**
юридика илимдеринин кандидаты,
Ош мамлекеттик юридикалык институтунун доценти

**Жетектөөчү уюм:**

Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия-Славян университетинин мамлекеттин жана укутун теориясы жана тарыхы кафедрасы. Дареги: 720065, Бишкек ш., Чуй пр., 42.

Диссертация 2022-жылдын 27-январында саат 15.00дө Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетине, К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университетине жана Кыргызстан эл аралык университетине караштуу юридика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д12.20.614 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. Дареги: 720900, Жалал-Абад ш., Ленин көч., 57.

Диссертация менен Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин (720900, Жалал-Абад ш., Ленин көчөсү, 57), К. Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин (720900, Жалал-Абад ш., Жеңижок көчөсү, 30) жана Кыргызстан Эл аралык университетинин (720007, Бишкек ш., Л.Толстой көчөсү, 17А/1) китепканаларынан, ДКтин сайтынан: http://www.jagu.kg таанышууга болот.

Автореферат 2022-жылдын 24-декабрында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**юридика илимдеринин кандидаты** **Н.А. Пазылов**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Мамлекеттин коопсуздук жана коргонуу системасынын, жарандардын бакубат жашоосунун тийиштүү деңгээлде иштеп туруусу, адамдардын укуктары менен эркиндиктерин сакталышы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдарынын, укук коргоо органдарынын, алардын ичинде ички иштер органдарынын натыйжалуу ишмердүүлүгү аркылуу камсыз болот.

Мамлекеттин ички жана тышкы саясаттарындагы багыттарды кайрадан карап чыгуу, геосаясий жана геостратегиялык өзгөрүүлөр мамлекеттин ички коопсуздугун камсыз кылуу системасында жаңы ыкмаларды талап кылууда жана мында ички иштер органдарынын иш-аракеттерине жана алардын алга карай умтулган демилгелерине чоң жоопкерчилик жүктөлөт.

Аталган реформалардын турмушка ашырылуусунда ички иштер органдары менен калктын, мамлекеттик бийлик органдарынын өз ара мамилелери, коомдук коопсуздукту сактоодогу алардын биргелешкен аракеттери чоң мааниге ээ.

Дүйнөнүн демократиялык мамлекеттеринин ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүн калкка жана коомчулукка кызмат көрсөтүүнүн бир түрү катары кабыл алышкандыгын эске алуу менен күч структураларынын кызматкерлеринин кызматтары - кылмышкерди жазага тартуу гана эмес, кылмыштуулуктун алдын алуу, калкка укуктук жана социалдык жактан жардам көрсөтүү  деген түшүнүккө өтүүбүз, укук коргоо органдарына жана алардын кызматкерлерине болгон калктын ишенимин жана урмат-сыйын калыптандыруубуз зарыл.

Жалпы калктын гана эмес, ар бир жарандын аң-сезиминде ички иштер органдары “мени да ар кандай ички кооптуулуктардан жана коркунучтардан жекече коргоого алат” деген бекем ишеним болмоюнча, күч структураларынын алдыга койгон стратегиялык милдеттери натыйжалуу түрдө ишке ашпайт.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар, негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.**

Диссертациялык изилдөөнүн темасы демилгелүү болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык изилдөөнүн **максаты** болуп, Кыргыз Республикасында ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүн натыйжалуу жүзөгө ашыруунун реалдуу жолдорун иштеп чыгуу жана аларды модернизациялоо боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгуу эсептелет.

Диссертациялык изилдөө жүргүзүү жана анын алдыга коюлган максаттары төмөнкүдөй **негизги милдеттерди** чечүүнү талап кылды:

– Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын иш-аракеттеринин теориялык-методологиялык негиздерин ачып көрсөтүү;

– Кыргыз Республикасынын бийлик органдарындагы жана башкаруу системасындагы ички иштер органдарынын ордуна жана кызматтык милдеттерине анализ жасоо;

– ички иштер органдарынареформаларды жүргүзүүнүн теориялык моделдерин иштеп чыгуу, алардын коомчулук тарабынан кабыл алынгандарын ишке киргизүүгө жетишүү;

– ички иштер органдарына, алардын учурда жүргүзүпжаткан иштерине функционалдык мүнөздөмө берүү;

– ички иштер органдарынын иштерин өркүндөтүүнүн негизги багыттарын иштеп чыгуу;

– ички иштер органдарынын статусун укук коргоо багыттарындагы социалдык шериктештиктин субъектиси катары ачып берүү;

–ички иштер органдары менен жарандык коомдун шериктештик мамилелерин өнүктүрүүнүн багыттарын аныктоо.

**Алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы** диссертациянын темасынын актуалдуулугу, изилдөөнүн мазмуну жана алынган натыйжалар менен аныкталып турат.

Диссертациялык изилдөөдө ата-мекендик юридикалык адабияттардын жана изилдөөлөрдүн ичинен алгачкы жолу Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарына реформа жүргүзүүнүн шарттарындагы алардын ишмердүүлүгүн натыйжалуу жүзөгө ашыруунун теориялык негиздерин комплекстүү түрдө изилдөө жүргүзүлдү. Эмгектин илимий жаңылыгы Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарында реформа жүргүзүү жолдорун иштеп чыгууда жаңы маселелерди белгилөөдө, замандын талаптарына жооп бере ала турган жаңы жоопкерчиликтерди көрсөтүүдө күч структураларынын кызматкерлеринин мурдагы эски стереотиптерден арылып, коомдун өзгөрүүсүнө байланыштуу аларга жаңы милдеттердин жүктөлүп жаткандыгы менен аныкталат.

**Алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы** төмөндөгүлөр менен аныкталат:

-ички иштер органдарынын ачык-айкындуулук принцибин ишке ашыруу контекстинде Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча конкреттүү сунуштар иштелип чыкты;

-ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугу алардын уюштуруучулук структурасынын сапаттуу түзүлүшү менен тыгыз байланышта экендиги далилденди;

-коомдук коопсуздук чөйрөсүндөгү коомдук көзөмөл ишмердүүлүктүн методу катары аныкталды;

-документтештирүүнү жүргүзүүнүн бирдиктүү системасын киргизүү сунушталды;

-ички иштер органдарынын мамлекеттик эмес субъекттердин өз ара аракеттерин жакшыртуу боюнча сунуштар негизделди.

Кыргыз Республикасынын жалпы укук коргоо системасын реформалоода теориялык да, практикалык да чоң мааниге ээ төмөнкүдөй бир

топ жоболорду иштеп чыктык жана аларды күч структураларынын тиешелүү органдарына жана бөлүмдөрүнө сунуш кылынды:

– Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарыныниш-аракеттеринин уюштурулушунун укуктук принциптерине изилдөөлөр жүргүзүлдү;

– Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарыныниш-аракеттери, алардын алдыларына коюлган милдеттери жана жоопкерчиликтери, мыйзамдуу укуктары, структуралары, нормативдик-укуктук базалары аныкталды;

– ички иштер органдарындагы коррупцияны, мыйзамсыз аракеттерди түп тамырынан жок кылуунун, жарандардын мыйзам чегиндеги конституциялык укуктарын, кызыкчылыктарын жана эркиндигин коргоого алуунун алгылыктуу жолдору сунушталды;

– коомдук тартипти жана коопсуздуктук камсыз кылуудагы, кылмыштуулуктун алдын алуудагы Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарыныниш-аракеттери анализге алынды жана дүйнөлүк тажырыйбаларга таянуу менен жогоруда аталган милдеттерди ишке ашыруунун позитивдүү формалары, түрлөрү жана методдору иштелип чыгып, алар тиешелүү кызматтарга сунуш кылынды;

– коомдук тартипти сактоо жана кылмыштуулуктун алдын алуу, аны менен күрөшүү багыттарындагы Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын калк жана коомчулук менен болгон өз ара мамилелеринин абалы, калктын коомдук тартипти сактоого жана кылмыштуулук менен күрөшүүгө катышуусунун формалары аныкталды.

– Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин, укук коргоо органдарынын коомдук тартипти сактоодогу иш-аракеттерин жөнгө салуучу мыйзамдарды өркүндөтүү, толуктоо жана кайра иштеп чыгуу боюнча сунуштар иштелип чыкты, аталган министрликтин кызматтык милдеттери жана максаттары аныкталды;

– Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын иштерин материалдык-техникалык, илимий-методикалык жактан камсыз кылуунун жолдору аныкталды.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык маанилүүлүгү.** Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында алынган теориялык жоболор, тыянактар менен сунуштар укуктун теориясын, жазык, жазык-процессуалдык укуктун теориясын мындан ары өнүктүрүүдө; бул багытта максаттуу изилдөөлөрдү жүргүзүүдө; мыйзам чыгаруу, укукколдонуу, билим берүү чөйрөсүндө колдонулушу мүмкүн.

Диссертациянын тиешелүү жоболору менен тыянактары Кыргыз Республикасында укуккоргоо ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун арттырууда, айрыкча жеке кызыкчылыктар чөйрөсүн жана ошону менен бирге мамлекеттик-укуктук саясатта, мыйзам чыгарууда, кылмыштуулукту алдын алуу ишмердүүлүгүндө колдонулушу мүмкүн.

Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында алынган жоболор, корутундулар, тыянактар жогорку окуу жайларындагы окуу процессинде,

анын ичинде «Укуктун жана мамлекеттин теориясы», «Жазык укугу», «Жазык-процессуалдык укугу» курстарын өтүүдө колдонулушу мүмкүн.

**Коргоого чыгарылуучу негизги жоболор:**

1.Ички иштер органдарынын иштеринин ачык-айкындуулугун камсыз кылуу багытындагы мыйзамдарды өркүндөтүү жана жакшыртуу үчүн төмөнкүдөй милдеттердин аткарылышы зарыл деген жыйынтыктарга келдик:

- Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин деңгээлинде калкка жарыя кылына турган жана жашыруун сактала турган фактылык материалдардын чектерин иштеп чыгуу;
- Кыргыз Республикасынын “Ички иштер жөнүндөгү” мыйзамынынын “ички иштер органдарынын системасындагы маалыматтарды жарыя кылуунун тартиптери” бөлүмүнө өзгөртүүлөрдү жанан толуктоолорду киргизүү;
- кайсыл бир маалыматтардын эмне себептерден жана кандай жагдайларда элге жайылтылууга мүмкүн эместиги тууралуу эл массасына кеңири түшүнүк берүү.

2. Ички иштер органдарынын иштери алардын структуралык жактан туура уюштурулушуна байланыштуу экендиги далилденди, мына ошондуктан коомдук коопсуздукту камсыз кылууда алардын көп баскычтуу бөлүмдөрүнүн бүтүн бир система катары биргелешип иш жүргүзүүсүнө жетишүү.Ал структуралык бөлүмдөр бири-бирине тикеден-тике көз каранды болбогону менен кылмыштуулуктун алдын алууда жана кылмыштуулукка каршы күрөшүүдө бир багытты көздөп иш жүргүзүшөт, бири-бирине керектүү маалыматтарды берип турушат, мына ошондуктан да бул бөлүмдөрдүн коомдук коопсуздукту сактоодо комплекстүү иш алып барышын камсыз кылуу.

3. Коомдук коопсуздукту сактоодо коомдук көзөмөлдүн зарыл экендиги аныкталды. Бул көзөмөл аркылууички иштер органдарынын мамлекеттик эмес субъектилер, коомдук бирикмелер жана уюмдар менен болгон өз ара мамилелери көзөмөлгө алынып турат. Коомдук коопсуздукту жана укуктук тартиптерди сактоо бир гана ички иштер органдарынын жоопту милдеттери эмес, ал үчүн калктын калың катмары жалпы иш алып барууга тийиш. Ушул себептүү дакоомдук коопсуздуктун камсыз болуусуна болгон мамлекеттик эмес көзөмөлдүн укуктук жактан тартипке салынуусун өркүндөтүүгө байланышкан маселелер атайын мыйзамдык кодекстер менен бекемделүүгө тийиш.

4. Ички иштер органдарында документ толтурууну жана аларды сактоону, маалымат базаларын түзүүнү жана аларды байытууну, күч структураларынын күндөлүк иш пландарын түзүүнүн жаңы нукка буруу боюнча сунуш-пикирлер иштелип чыкты жана алар тиешелүү кызматтарга сунушталды. Азыр маалымат технологияларынын заманы, ички иштер органдарынын кызматкерлеринин күндөлүк иш-аракеттеринин натыйжаларын, кылмыштуулукка каршы күрөш жүргүзүүдө алардын кандай деңгээлде иш алып барып жатуусун аралыктан көзөмөлгө алып турууга жетишүү.

5. Коомдук коопсуздуктун камсыз болуусундагы ички иштер органдарынынмамлекеттик эмес субъектилер, коомдук бирикмелер жана уюмдар менен болгон биргелешкен аракеттеринин натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн төмөнкүдөй иш-чаралардын такай жүргүзүлүп туруусу зарыл:

а) коомдук коопсуздукту сактоодо калкички иштер органдарынынкызматкерлери менен шериктеш жана өнөктөш деген ойдун калк арасында бекем сиңүүсү;

б) милиция кызматкерлеринин профессионалдык компетенттүүлүгүн жогорулатуу менен жалпы калктын күч структураларынын кызматкерлерине болгон ишенимин көтөрүү;

г) кылмыштуулуктун алдын алуу иш-чараларына жалпы калкты, коомдук бирикмелерди жана уюмдарды тартуу;

д) “коомдук консультация” кыймылын өнүктүрүү жана муну менен жалпы эл массасынын юридикалык жактан сабаттуулугуна, укук коргоо багытындагы актуалдуу проблемалар боюнча коомдук пикирлердин жаралышына жетишүү.

**Изденүүчүнүн өздүк салымы.** Изденүүчүнүн укуктук илимге болгон өздүк салымы диссертациялык изилдөөнүн жаңылыгында, изилдөөгө автордук мамиле жасоодо, тыянактар менен практикалык сунуштарда, заманбап Кыргызстандагы ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүн жүзөгө ашыруудагы актуалдуу көйгөйлөрдү аныктоодо жана аларды чечүү жолдорун сунуштоодо ачыкталып турат.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын апробациясы.**

Диссертация Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөөлөр институтунун укук бөлүмүндө даярдалган, талкууланган жана коргоого сунушталган.

Диссертациялык изилдөөнүн негизги тыянактары жана жоболору түрдүү илимий конференцияларда жана форумдарда баяндалган.

**Диссертациянын жыйынтыктарын басылмаларда чагылдыруунун толуктугу**.

Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору, тыянактары жана илимий-практикалык сунуштары 10 макалада чагылдырылган.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү.**Диссертациялык иш киришүүдөн, үч главадан, тогуз бөлүмдөн, тыянактардан, практикалык сунуштардан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациялык изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу негизделген; иштин максаттары жана милдеттери аныкталган; илимий жаңылыгы жана практикалык мааниси мүнөздөлгөн; коргоого коюлуучу негизги жоболор баяндалган; изденүүчүнүн жеке салымы, изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробациясы; диссертациянын жыйынтыктарын

басылмаларда чагылдыруунун толуктугу, диссертациянын түзүмү жана көлөмү көрсөтүлгөн.

**Биринчи глава «Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүнүн теориялык-методологиялык негиздери»** үч бөлүмдөн турат.

**Биринчи бөлүм «Ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүнүн түшүнүгү жана маңызы: теориялык-укуктук аспектилери»** деп аталат.

Ички иштер органдарынын жана бөлүмдөрүнүн (мында ары - ИИБ) кызматтык иш-аракеттери коомдук тартипти жана мамлекеттик ички коопсуздукту камсыз кылуудагы эң негизги багыттардын бири.

Коомдук тартипти сактоо, жарандардын мыйзам чегиндеги укуктарын, кызыкчылыктарын жана эркиндигин камсыз кылуу мамлекеттик эң эле кымбат социалдык баалуулук катары Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен бекемделет. Мына ошондуктан да, коомдук тартипке каршы келген кылмыштар коомго коркунуч келген иш-аракеттер жана кылмыштар катары бааланат.

Коомдук тартипти камсыз кылуудагы полициянын ролу жана кызматы тууралуу алгачкы жолу француз окумуштуусу Деламардын эмгектеринде негиздүү түрдө талдоого алынган. Ал өзүнүн “Полиция тууралуу трактатында” коомдук тартипти сактоодогу полиция кызматкерлеринин иш-аракеттерин мамлекеттик маанидеги жоопкерчилик катары мүнөздөө менен ар кандай чырлуу жагдайларда жарандарды эрктүүлүктү жана сабырдуулукту сактоо менен маселени “муштумдук жол” менен чечүүдөн качууга чакырган. Бул боюнча кыргыз элинде “билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат” деп айтылып келет жана “эки адам урушуп калса, ага алардын акылдуусу айыптуу” деген элдик накылда кандай күчтүү философиялык маани жатат. Демек, Деламар да ар кандай талаш-тартыштуу жана чырдуу маселелерди өз ара түшүнүшүү жолу менен чечүүнү артык көргөн.

Францияда наполеондук реформалар жүргүзүлгөндөн кийин кылмыш полициясы менен административдик полициянын кызматтарынын, оор кылмыш менен азыр бизде айтыла баштаган кылмыш жоруктарынын жана административдик кылмыштардын чектери, алардын ортолорундагы айырмачылыктар так ажыратыла баштады. Бул маселе азыркы учурда бизде да олуттуу көтөрүлө баштады, оор кылмышка баргандар да, зарылчылыктан бир тоок уурдагандар да, жакындары ооруп дары-дармек уурдагандар да бирдей эле кылмыш жоопкерчиликтерине тартылып жаткандыгы коомчулукта кеңири айтылып келет. Ал тургай, тааныш-тамыры кеңири, күч жана сот органдарына таасирлүү кызмат адамдарынын жана бийлик өкүлдөрүнүн ири өлчөмдөгү экономикалык кылмышка барып жүрүшкөндүктөрүнүн эми гана кеңири түрдө бети ачылып, тиешелүү жазаларын ала башташты. Бул боюнча орус элинде тамаша иретинде “везунов не поймают, а несунов поймают” деген накыл айтылып келет (машина менен ташып уурдагандар кармалбайт, ал эми бирден көтөрүп ташыгандар кармалат).

Ички иштер органдарынын кызматтык иш-аракеттеринин маани-маңызын изилдөөгө алуу менен Ю.Е.Аврутин коомдук тартипти сактоо ошол коомдун жашоосунун, өсүп-өнүгүүсүнүн маанилүү критерийи деп баса белгилейт [....].

Коомдук жай өтө көп маанилүү түшүнүк, ага эл көп чогулган, жамааттешып жашаган, дем алган, эмгектенген ж.б.у.с. жайлар кирет. Коомдук тартиптин өзү саны боюнча да, сапаты боюнча да түрдүүчө трактовкаланат, анын жалгыз адамдын катышуусунан баштап чоң топтор ортосундагы кагылышууларга, уюмдашкан топтун кылмышка баруусуна чейин жетүүсү мүмкүн. Канткенде да, кылмышка баргандардын саны канчалык көп өссө, коомго болгон коркунуч жана алардын залакалары да ошончолук коркунучтуу болот.

Ички иштер органдары мамлекеттин укук тартиптерин сактоодогу маанилүү субъектиси болуп саналат жана өз арсеналында чоң и юридикалык күчкө ээ. Укук коргоо иш-аракеттеринин субъектиси катары мамлекеттик күч органдары менен биргеликте жеке адам, социалдык жамаат, коомдук уюм же бирикме кызмат кылуусу мүмкүн, бул өңүттөн алып караганда, ички коопсуздукту камсыз кылуу жалпы кооомдук мүнөзгөээ болот.

**Экинчи бөлүм "Ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүнүн нормативдик-укуктук негиздери".** Ички иштер органдары аткаруу бийлигинин бир бөлүгү болуп саналат жана алар баштапкы-профилактикалык көзөмөл жүргүзүү жолдору менен коомдук коопсуздукту камсыз кылат. Милиция кызматкерлеринин милдети - коомдук коопсуздукту сактоо боюнча элге кызмат көрсөтүү, алар эч нерсе өндүрбөйт, иштеп чыгарбайт. Бирок буга карап алардын кызматына жетишерлик эмес түрдө баа берүү таптакыр мүмкүн эмес. Элде "ач бол, ток бол, бирок тынч бол" деген накыл сөз айтылат, демек, жалпы коомдук коопсуздукту сактап туруу мамлекеттик маанидеги чоң маселе.

Коомдук коопсуздукту сактоодогу ИИБ кызматкерлеринин милдеттерине жана жоопкерчиликтерине тиешелүү нормативдик актыларга укуктук багыттагы конституциялык мыйзамдар, Кыргыз Республикасынын Президентинин жана өкмөтүнүн, Жогорку Кеңештин актылары, Ички иштер министрлигинин нормативдик-укуктук актылары кирет. Аталган нормативдик актыларга калкты күтүүсүз пайда боло калган түрдүү согушчан элементтерден, уюмдашкан кылмыштуулуктан коргоого байланышкан Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктары, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекстери да киргизилиши мүмкүн [1-7].

2019-жылдын 1-январынан кылмыш жоруктары (проступки) жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Жазык-процессуалдык, Жазык кодекстери күчүнө кирген. Бул нормативдик укуктук актылар соттук-укуктук реформалардын чегинде иштелип чыккан.

2019-жылдын 25-июлунда Кыргыз Республикасынын "КРнын укук коргоо органдарында кызмат өтөө тууралуу" мыйзамы кабыл алынган жана "КРнын ички иштер органдары тууралуу" мыйзамына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. Бул нормативдик актылар Кыргыз

Республикасынын Президентинин “Укук коргоо органдар системасынын реформасы боюнча иш-чаралар жөнүндөгү” Жарлыгынын жана КРнын Коргоо Кеңешинин “Кыргыз Республикасынын Укук Коргоо органдар системасынын реформасы боюнча иш-чарала жөнүндөгү” чечиминин негиздеринде иштелип чыккан [8-12].

Ички иштер органдарынын кызматкерлери эч нерсе өндүрбөйт жана жасап чыгарбайт деп буга чейин айтылып өттү. Демек, алар коомдук коопсуздукту сактоо үчүн кызмат кылуу аркылуу калктын калың катмары менен дайыма карым-катышта жана “социалдык шериктештикте” болот. Социалдык шериктештик – аткаруу бийлигинин органдарынын, анын ичиндеички иштер органдарынын, жарандык коом институттарынын, чарба жүргүзүүчү субъектилердин, ишкана, мекемелердин жалпы жамаатынын, жалпы калктын мамлекеттик маанилүү маселелерди, пайда болгон проблемаларды чечүүдөгү жалпы аракети [67]. Тилекке каршы, биз, жалпысынан алганда, коомдук коопсуздукту сактоо, кылмыштуулуктун алдын алуу жана ага каршы күрөш жүргүзүү маселелери боюнча ички иштер органдарынын кызматкерлеринен көптү талап кылабыз, бирок, бул маселелер боюнча аларга көмөк көрсөтүү тууралуу азыраак ойлонобуз. Жыйынтыктап айтканда, “социалдык шериктештик” түшүнүгүн элге жайылтуу, анын маани-маңызын кеңири ачуу менен коомдук коопсуздукту, укуктук тартиптерди сактоону камсыз кылуу жалгыз гана күч структураларынын милдети эмес, ал жалпы жоопкерчилик жана милдет экендигин жалпыбыз тереңден түшүнүүгө тийишпиз.

Эгер ИИБди мамлекеттик бийликтин өкүлү, ал эми элди жарандык коомдун элементи катары карай турган болсок, анда алардын ортосундагы социалдык шериктештикке жалпы мамлекттик кызыкчылык менен ар бир адамдын, жалпы калктын кызыкчылыктарынын ортосундагы конструктивдик мамиле жана кызматташтык деп баа берүүгө болот.

Жарандык коом менен аткаруу бийлигинин (мында, ички иштер органдарынын)социалдык шериктештигинин жолго салынышы жана активдешүүсү, биринчиден, коомдук тартипти сактоодо күч структураларынын кызматкерлери менен жалпы калктын өз ара түшүнүшүү жана сыйлашуу менен иш алып баруусуна шарт түзөт; экинчиден, алдыга коюлган милдеттерин аткарууда жарандык, коомдук коомдорго, жана бирикмелерге стимул түзүлөт [96, 53-бет].

Жергиликтүүлөр ар кандай аткаруу бийликтерине, күч органдарына салыштырмалуу кимдин кандай жашап жаткандыгын, кимдин эмнеге муктаждыгын, кимдин эмнеге жөндөмдүүлүгүн, кимдин тарбиясынын жана жүрүм-турумунун кандайлыгын салыштырмалуу түрдө жакшы билет. Демек, кылмыштуулукттун алдын алууда, анын бетин ачууда, кылмышкерди колго түшүрүүдө жана кылмыштуулукка каршы күрөш жүргүзүүдө ИИБ кызматкерлери сөзсүз түрдө жергиликтүү калкка таянат. Жергиликтүү калк менен иштешүүдө участкалык милиционерлерге өзгөчө чоң жоопкерчиликтер жүктөлөт, алар өздөрүнүн иш-аракети, жүрүм-туруму, жекече мүнөзү, профессионалдык кесипкөйлүгү менен эл ишенимине толугу

менен кире алууга жана мунун натыйжасында жергиликтүүлөр аларды өз адамы катары кабыл алууга тийиш, Бул эки тараптын ортосунда эч кандай жашыруун сырдын сакталбоосу жана айыл ичинде, көчөдө, райондо кандайдыр шектүү адамдар жана окуялар пайда боло баштаса, алардын дароо тиешелүү күч органдарына билдирилүүсү зарыл.

Мамлекет менен жарандык коомдун өз ара мамилелеринин проблемаларына, социалдык шериктештиктин теориясына жана практикасына ата-мекендик, жакынкы жана алыскы чет өлкөлүк көп окумуштуулардын укук таануу, саясат таануу, социологии, административдик жана эмгекке болгон укуктар багыттарындагы көп эмгектери арналган.

Социалдык шериктештикке ар түрдүү окумуштуулар жана изилдөөчүлөр формасы боюнча ар кандайча аныктамаларды беришет, бирок аладын түпкү маани-маңызы дээрлик бирдей. Адатта, окумуштуударсоциалдык шериктештикти кең жана тар маанисинде ажыратып карашат.

**Үчүнчү бөлүмдө - “Мамлекеттик бийлик органдарынын системасындагы ички иштер органдарынын орду” -** автор кылмыштуулуктун алдын алуу, ага каршы күрөш жүргүзүү проблемалары демократиялык коомдо дайыма актуалдуу маселе катары эсептелинип келгендигин белгилейт.

Азыркы учурда ички иштер органдарына реформа жүргүзүү, бир тараптан, укук тартиптерин сактоого багытталса, экинчи тараптан, жарандарга укуктук кызмат көрсөтүүнү, алардын жашоо-шартын ыңгайлаштырууну максат кылууда. Муну өзү ички иштер органдарынын кызматкерлеринин элге жакын болуусун, калктын түрдүү социалдык топтору, алардын өкүлдөрү менен тыгыз карым-катышта болуусун шарттап турат.

Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын негизги кызматтары катары төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот:

– административдик функция. Бул ИИБдин аппараттарынын жана бөлүмдөрүнүн коомдук коопсуздукту жана тартипти камсыз кылуу боюнча аткаруучу-тартипке салуучу кызматы.

Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары бул функциясынын чегинде түрдүү кылмыштар, административдик кылмыш жоруктары боюнча мыйзам талаасынан чыкпай тиешелүү чараларды көрө алат, аларга берилген жазалардын аткарылышын көзөмөлдөйт.

– профилактикалык-алдын алуучулук функция.Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары кылмыштуулуктун алдын алуу, алардын санын кыскартуу боюнча жергиликтүү калк менен биргеликте түрдүү иш-аракеттерди жүргүзөт. Мындай иш-аракеттер криминалдык жана административдик укук тартибин бузууларга өбөлгө түзүүчү себептерди жана шарттарды аныктоого багытталган.

– кылмыш-жаза – процессуалдык функциянын чегинде ички иштер органдарынын кызматкерлери кылмыш боюнча келип түшкөн арыз,

билдирүүлөргө карата тез аранын ичинде аракет кылууга жана криминалдык укук тартибин бузуулар боюнча сотко чейинки иликтөө, текшерүү иштерин жүргүзүүгө тийиш.

– оперативдик-издөө функциясы боюнча ИИБ кызматкерлери, аталышынан эле белгилүү болуп тургандай, кылмышкерди же кылмышка шектүүлөрдү, сотко чейинки тергөөдөн, кылмышына жараша жаза өтөөдөн качкандарды, дайынсыз жоголгондорду издөөгө алат.

– уруксат берүүчү функция. Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын кызматкерлери бул функция боюнча кирүүгө тыюу салынган жайларга зарыл учурларда тиешелүү кызматтарга, уруксат кагаздары боюнча жеке адамдарга жана юридикалык жактарга кирүүгө уруксат берет, жол кыймылынын коопсуздугун сактоо, кооптуу жайлар, тиешелүү курал-жарактарды алып жүрүүнүн коопсуздугун сактоо, айрым коркунучтуу абалдар түзүлгөндө өзүн өзү сактоо, башкаларга жардам көрсөтүү боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзөт.

– Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын кызматкерлерикоргоого алуу боюнча функциясынын негизинде мамлекеттик менчиктерди жана ошондой эле келишимдик негиздерде жеке адамдардын, коммуналдык ишканалардын, акционердик коомдордун, чакан ишканалардын имараттарын жана мүлктөрүн коргоого алат.

– КРнын ИИБинин кызматкерлери сервистик функциясы боюнча түрдүү себептерден улам жабыркаган жарандарга жардам көрсөтөт, укуктук-юридикалык кеңештерди берет, табият кырсыктарынын учурунда өзгөчө кырдаалдар министрлигинин кызматкерлери менен биргеликте элди, алардын мүлкүн сактоону уюштурат. Мында убактылуу мөөнөткө түзүлгөн элдик кошуундардын (дружинники) кызматы абдан чоң, мисалы 2020-жылы октярдын баш чендериндеги элдик толкундоолордо талап-тоноочулуктун болбошунда дал ушул элдик кошуундардын салымы чоң болду.

– Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын кызматкерлери маалыматтык камсыздоо функциясы боюнча ар кандай кырдаалдарга өз убагында анализ жүргүзөтжана мунун натыйжасында күтүлүүчү кылмыштуу иштердин жана аракеттердин алдын алууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Алар калкка да ар кандай кооптуу жагдайлар боюнча эскертүүлөрдү беришет жана ошол эле учурда эл менен тыгыз байланышта болуу аркылуу шектүү жана кылмыштуу кырдаалдар боюнча алардан зарыл маалыматтарды алып да турушат.

– ИИБинин кызматкерлери Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин бирдиктүү маалымат системасына кирүүчү маалымат базасын түзүшөт жана анын тиешелүү деңгээлде сакталуусун камсыз кылышат.

– Ички иштер органдарынын кызматкерлеримаалымат-издөөчүлүк жана маалымат-аналитикалык иштерди жүргүзүшөт, бул болсо кылмыштуулуктун алдын алуу жана анын санын кыскартууга шарт түзөт.

Юриспруденция багытындагы илимий адабияттарда “ачык-айкын коопсуздук” (публичная безопасность) жана “ачык-айкын укуктук тартип”

(публичный порядок) терминдерине бирдиктүү пикир жок. Ачык-айкын коопсуздук, бир жагынан, коомдук тартипти жана баалуулуктарды сактоого чакырылып, мамлекетти жана жалпы жарандарды кайсыл бир күтүлгүчү коркунучтардан коргоого алат, экинчи жагынан алып караганда, мамлекеттик бийлик органдарынын коопсуздукта иш жүргүзүүсүн, адамдардын ден-соолугунун, мүлкүнүн, Конституция тарабынан кепилдик берилгенмыйзам чегиндеги укуктарын, кызыкчылыктарын жана эркиндиктерин камсыз кылат.

**Экинчи глава "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдарынын структурасында ички иштер органдарынын түзүлүшүнүн жана иштешинин теориялык-укуктук аспектилери"** үч бөлүмдөн турат.

**Изилдөөнүн объектиси:** Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ишмердүүлүгү чөйрөсүндө орун алган коомдук мамилелер.

**Изилдөөнүн предметин** Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу укуктук принциптер жана ченемдер; Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүнүн түшүнүгү, маңызы жана мазмуну; ички иштер органдарынын уюштурулушуна жана ишмердүүлүгүнө байланыштуу атайын илимий адабияттар түзүшөт.

**Изилдөөнүн методдору:** жалпы жана жеке илимий методдор, атап айтканда, диалектикалык, салыштырмалуу укуктук, формалдуу логикалык, тарыхый, социологиялык, статистикалык методдор, ошондой эле мыйзамдардын жана практиканын өнүгүү перспективаларына карата божомолдоо методу.

**Биринчи бөлүмдө - "Ички иштер органдары укук коргоо чөйрөсүндөгү социалдык шериктештиктин субъектиси катары: функциялары жана милдеттери"** – өздөрүнө жүктөлгөн милдеттерди аткаруу үчүн ички иштер органдары коомдо пайда болгон кооптуу абалдар жана коркунучтар тууралуу так маалыматтарга ээ болууга, түрдүү социалдык объектилерде, тактап айтканда, ооруканаларда, мектептерде, жогорку жана атайын орто окуу жайларында, коммерциялык, өндүрүштүк ишканаларда жана уюмдарда, деги эле, жалпысынан алганда, кайда болбосун, кандай болбосун, андай кооптуу абалдардын элди зыянсыз чыгарууга, ал коркунучтардын келип чыгуу себептерин так аныктоого жана анын келип чыгышына күнөөлүү болгон жарандарды дароо кармоого, аларды тийиштүү кызматтарга өткөрүп берүүгө тийиш экендиги белгиленет. Мындан тышкары, жабырлануучулар, жаракат алуучулар үчүн медициналык тез жардам кызматын уюштуруу да алардын милдетине кирет.

ИИБдин иш-аракеттеринин коомдук коопсуздукту сактоого багытталган азыркы доктриналарында социумдун ар түрдүү катмарларына түшүнүүчүлүк, толеранттуулук менен менен мамиле жасоого чоң маани берилет. Кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча иштерди жүргүзүүдө жана ага каршы иш алып барууда ички иштер органдарынын кызматкерлери кандай шартта жана кандай себепте болбосун эч бир тараптын мыйзам

чегиндеги жарандык укуктарын бузбоого тийиш. Толеранттуулук демекчи, океандын ары жагынан келип бизге, кыргыздарга толеранттуулук – кечиримдүүлүк, сабырдуулук тууралуу акыл айтып жатышат. Бул боюнча кыргыз элинде ар бири бир ири философиялык макалага сыярлык "атаңды өлтүргөнгө энеңди алып бер", "алдыңа келсе атаңдын кунун кеч", "аш менен урганды таш менен ур", "битке өчөшүп көйнөгүңдү отко салба", "бир колуңдун ачуусун экинчи колуң менен тый" деген сыяктуу макалдар айтылып келет. Албетте, ал макалдардын маанисин түз маанисинде кабыл албоого тийишпиз, бирок алардын моралы – ошол кийинки учурларда көтөрүлүп жаткан толеранттуулукка – кечиримдүүлүккө жана сабырдуулукка чакыруу жана ал идеялардын образдуу түрдө берилиши.

Өздөрүнө жүктөлгөн жоопкерчиликтерге жана милдеттерге ылайык ИИБ кызматкерлери коомдо кандайдыр деңгээлде лидерлик сапатка ээ болууга тийиш. мында кесиптик мыкты даярдыктан, жогорку аң-сезимден, психологиялык чеберчиликтерден сырткары алардан чың ден-соолук, бекем эрктүүлүк, спорттук даярдык талап кылынары бышык. Салмагы алтымыш килограммдын тегерегиндеги, бою бир метр алтымыш сантиметрден ашып-ашпаган милиция кызматкерлерин да кездешет.

Ушундай милиционерлерден кылмышкер коркобу да тартынабы, ошондуктан күч структураларына кабыл алууда ага талапкерлердин бой-келбетине, спорттук жөндөмүнө, күч-кубатына да көңүл буруу зарыл деп эсептээр элек. Айрым чет өлкөлөрдөгү полиция кызматкерлерин көрүп жүрөбүз, алардын өзүн алып жүрүшү, келбети адам суктанарлык деңгээлде.

Коомубуздун ашыкча саясатташы жана ашыкча "акылдуу" болуп кетиши менен ички иштер органдарынын кызматкерлерине ашыкча проблемалар жаралууда деп айтып жатабыз. Жол эрежесин же укуктук эрежелерди бузуучуларды кармоо учурунда эле алардын айрымдары кол телефондорун сууруп чыгып, тартип сакчыларынын өздөрүн видеого тартууга киришет.

Күч органынын кызматкеринин күндөлүк жумушу дайыма "жакшылык" жана "жамандык" дихотомиясынын ортосундагы этикалык мүнөздөгү проблемаларды чечүү менен байланышкан. Демек, ИИБ кызматкеринен кызматтык милдеттерине байланыштуу, бир тараптан бекем эрктүүлүк, чыдамкайлык жана сабырдуулук, ак ниеттүүлүк жана түрдүү кырдаалдардан жеңил чыгуу сапаттары талап кылынса, экинчи тараптан чечкиндүү аракеттер, өзүнүн ыйгарым укуктарынан толугу менен пайдалануу талап кылынат. Ар кандай чыр-чатактуу жагдайдын жеңил чечилгени максатка ылайыктуу, бирок кылмышкер ага барбасачы, күнөөсү ачык далилденип жатса да өз айыбын моюнуна албасачы, жабырлануучу тарап менен келишүү максатында андан кечирим сурабасачы же тергөө кызматкерлери менен кызматташууну каалабасачы... Орус элинде "кнутом или пряником" накыл сөз айтылып келет, демек кылмышка шектүү же кылмышы ачык билинип турган кылмышкер жакшы сөзгө "токочко" көнбөсө, ага каршы "камчы" колдонууга туура келет. Негизи, ИИБ кызматкерлеринин кызматтык жумуштары, күндөлүк милдеттери "эки оттун

ортосунда калгандай" эле таасир калтырат, макалда айтылгандай, "өйдө тартсаң өгүз өлөт, ылдый тартсаң араба сынат". Кандай гана болбосун, маселенин ак ниеттүүлүктүн кара ниеттүүлүк жеңүү принциби менен иштин алып барылганы максатка ылайыктуу. Чырдуу, криминалдык маселелердин туура чечилиши менен ички иштер органдарынын калк арасындагы кадыр-баркы өсөт жана аларга болгон жалпы элдин ишеними жогорулайт. Кандай болгондо да, ИИБ кызматкерлери элдин пикири менен эсептешүүгө, алардын жалпы кызыкчылыктарын коргоого алууга, кылмыштуулуктун алдын алууда жана ага каршы күрөш жүргүзүүдө эл катмары менен тыгыз карым-катышта иш алып барууга тийиш.

**Экинчи бөлүмдө - "Мамлекеттик бийлик органдарынын системасында ички иштер органдарынын уюштуруучулук-функционалдык мүнөздөмөсү"** - Кыргыз Республикасынын Ички Иштер Министрлиги аткаруу бийлигинин борбордук органы болуп эсептелет. Ички иштер органдары өз алдынча аткаруу органдары эмес, алар КРнын ИИМнин курамындагы өзүнчө кызматтар жана башкы башкармалыктар.

Кыргыз Республикасынын Ички иштер Министрлигинин системасына криминалдык милиция, коомдук коопсуздукту сактоо, тергөө кызматтары, прокуратура жана сот органдары, наркотикалык заттарды мыйзамсыз ташууга жана сатууга, экстремизмге, мыйзамсыз миграциягакаршы күрөш жүргүзүү кызматтары кирет.

КРнын ИИМнин курамында жана ошондой эле ички иштер органдарынын кадрларынын башкы башкармалыгы, маалымат технологияларынын, финансылык-чарбалык камсыздоо башкармалыктары, мекеме, ишканаларды коргоонун атайын адистешкен мамлекеттик кызматтары, жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуунун башкы башкармалыктары кызмат кылат.

Жогоруда аталып өткөн бардык кызматтар бири бирине көз каранды эмес, бири-бирине баш ийбейт, бирок жалпы коомдук коопсуздукту камсыз кылууда өз ара биргелешип аракеттенишет. Алардын бардыгы Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине түздөн-түз баш ийет. Демек, бардык ички иштер органдары КРнын ИИМнин ажырагыс структуралык бөлүмдөрү.

Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги Конституциянын негизинде кызматын аткарат жана өкмөт менен парламентке (адат катары, бизде мыйзамдар бат-бат өзгөрүп, министрликти кээде президент, кээде өкмөт башкарып калып жатат) баш ийет. ИИМ бардык укук коргоо органдарынын иш-аракеттеринин стратегиялык пландаштырылуусун ишке ашырат, алардын кадрдык жана материалдык-техникалык жактан камсыз болуусуна жооп берет.

Ички иштер министрлиги жалпы жетекчиликти жүргүзүү менен ички иштер органдарынын коомдук коопсуздукту сактоодогу, кылмыштуулук жана кылмыш жоруктары менен күрөш жүргүзүүдөгү практикалык иш-аракеттерине ашыкча кийлигишпейт [51, 7-бет]

Министрликти министр башкарып, ал ири саясий фигура болуп саналат.

Кызматка дайындоо жана кызматы боюнча жогорулоо саясий спектрдин өзгөрүүсүнө эмес, кызматкердин кесиптик сапатына байланыштуу. Ар бир структуралык бөлүмдү анын башчысы башкарып, ал мамлекеттин саясий турмушуна катыша албайт [17, 9-бет].

Өздөрүнүн кызматтык милдеттеринин өзгөчөлүктөрүнө жараша ички иштер органдарынын ар бир бөлүмдөрүнүн жоопкерчиликтери так аныкталган. Мисалы, криминалдыкполицияжана ага баш ийген аймактык бөлүмдөр оперативдик-издөө, криминалдык-процессуалдык жанаадминистративдик иш-аракеттерди аткарышат.

Коомдук коопсуздукту сактоо кызматтары аталышынан эле белгилүү болуп тургандай, кылмыштуулуктун алдын алуу, ага каршы күрөшүү иштерин жүргүзүшөт.

Атайын адистешкен мамлекеттик коргоо кызматтары мамлекеттик мекеме, ишканаларды коргоого алат жана ошондой эле келишимдик негизде башка менчиктерди, ишкана, уюмдарды да коргоого алуу боюнча иш жүргүзөт.

Участкалык инспекторлорго өзүнчө процессуалдык милдеттер жүктөлүп, алар дайыма өздөрү беитилген аймактарда жана объектилерде болушуп, кылмыштуулуктун алдын алуу, түзүлгөн түрдүү кырдаалдарга байкоо жүргүзүү боюнча иш аткарышат.

Ички иштер органдарынын бөлүмдөрүнүн кызматтык иш-аракеттери эки административдик түргө бөлүнөт жана алар коомдук коопсуздукту сактоодогу милдеттери жана жоопкерчиликтери боюнча ички системалык административдик иш-аракеттер жана сырткы системалык административдик иш-аракеттер болуп бөлүнөт.Биринчиси милиция кызматкерлеринин, бүлүмдөрдүн жана алардын түрдүү багыттардагы кызматкерлеринин кызматтык иш-аракеттери үчүн тийиштүү шарттарды түзүп берүүгө, колдо болгон күчтөрдү жана каражаттарды натыйжалуу пайдаланууну камсыздоого багытталган. Экинчиси аталышынан эле белгилүү болуп тургандай, милицияга түздөн-түз баш ийбеген юридикалык жана жеке адамдарга тиешелүү.

